5. Мукамбаев, Ж. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. [Текст] / Ж. Мукамбаев. – Б.: 2009. – 1379 б.
6. Орозова Г. Сыдык Алайчиев (Бала ырчы) [Текст] / Г. Орозова. – Б.: 2003. – 152 б.
7. Юнусалиев Б. М. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе, 1971.

УДК 81-133 https://doi.org/10.56122/..v1i2.175

# БАЛА ЫРЧЫНЫН ЫРЛАРЫ-БҮГҮНКҮНҮН ЫРГАГЫ
# СТИХИ БАЛА ЫРЧЫ - РИТМ СЕГОДНЯШНЕГО ДНЯ
# BALA YRCHY'S POEMS ARE THE RHYTHM OF TODAY

Жаанбаева К.Б., ОшМПУ,
кыргыз тили жана адабияты кафедрасы
улук окутуучу

**Аннотация**

Макалада Бала ырчынын (Сыдык Алайчынын) чыгармаларындагы көркөм мурастарынын, насаатчылык идеяларынын азыркы замандагы мааниси талдоого алынат. Анын поэзиясында камтылган акыл-насааттар, адеп-ахлактык баалуулуктар жана коомдук тарбиялоо принциптери бүгүнкү күндүн шарттарында да өз ордун тапканы баса белгиленет. Акындын жаштарга жана жалпы коомго багытталган акыл сөздөрү билимге умтулуу, адептүүлүк, өз ара урматтоо жана руханий тазалык сыяктуу маанилүү маселелерди камтыйт. Макалада акындын насааттарынын бүгүнкү күндөгү социалдык жоопкерчилик жана улуттук баалуулуктарды сактоодогу ролу талданат. Ырчынын чыгармалары жаш муун үчүн үлгү экендиги, алар үчүн мотивациялык аспекттери тууралуу сөз болот. Натыйжада, Сыдык Алайчынын чыгармачылыгы келечек ээлеринин адеп-ахлактык өнүгүшүнө, улуттук аң-сезимдин бекемделишине жана коомдук актуалдуулукка оң таасир этиши тууралуу жыйынтык чыгарылат.

**Ачкыч сөздөр:** Сыдык Алайчы, көркөм мурастар, насаатчылык идеялар, адеп-ахлактык баалуулуктар, коомдук тарбиялоо, билимге умтулуу, адептүүлүк, өз ара урматтоо, руханий тазалык, социалдык жоопкерчилик, улуттук баалуулуктар, мотивациялык аспекттер, адеп-ахлактык өнүгүү, улуттук аң-сезим, коомдук актуалдуулук.

**Аннотация**

В статье анализируется современное значение художественного наследия кыргызского поэта Бала ырчы (Сыдык Алайчы), идеи наставничества в произведениях.Подчеркивается, содержащие в его поэзии наставления, нравственные ценности и принципы народного просвещения нашли свое место в сегодняшних условиях.Мудрые слова Алайчы, обращенные к молодежи и обществу в целом, включает в себя такие важные вопросы, как стремление к знаниям, порядочность, взаимное уважение и духовная чистота.В статье анализируетсы роль проповедей поэта в поддержании социальной ответственности в национальных ценностей в современном обществе.

**Ключевые слова:** Художественное наследие, кыргызский поэт, Сыдык Алайчы, наставничество, наставления, нравственные ценности, народное просвещение, мудрые слова, молодежь, общество, стремление к знаниям, порядочность, взаимное уважение, духовная чистота, социальная ответственность, национальные ценности.

**Annotation**

The article analyzes the modern significance of the artistic heritage of the kygryz poet Bala Yrghy (Sydyk Alaychy), the ideas of mentoring in the works.It is emphasized that the admonitions, moral valyes and prinsiples of public education contained in his poietry have found their place in today's conditions.Alaychy's words of wisdom to the youth and society at large include important

issues such as the pursuit of knowledge, decency, mutual respect fnd spiritual purity.The article analyzes the role of poet's sermons in maintaining social responsibility and national values in modern society.

**Keywords:** Artistic heritage, kyrgyz poet, Bala yrchy (Sydyk Alaychy), mentoring, admontitions, moral values, public education, wisdom, youth, society, pursuit of knowledge, decency, mutual respect, spiritual purity, social responsibility, national values.

Жакшыда санат, гап болот,
Жакшы менен бир жүрсөң,
Көңүлүң курсант, чак болот,- деген экен Бала ырчы.

Мына ошол жакшынын шарапаты менен бүгүн сөздү баалап, бапестеп баккандар, дүйнө элинин окурмандарын багынткандар менен бирге чогулуп, сөздөрдүн түбөлүктүү баалуулугун жана Сыдык Алайчынын артында калган көркөм мурастарын эскергени турабыз.

Акындын чыгармалары – элдик насаатчылыктын жаркын мисалы. Анын поэзиясында адеп-ахлак, билимге, эмгекке умтулуу, адамгерчилик, ынтымактуулук темалары кеңири орун алган. Аталган баалуулуктар заман өзгөрсө дагы маани-маңызын бөксөртпөй, коомдук турмуштун негизги маселелеринен болуп, учурдагы социалдык көйгөйлөргө үндөшүп турат. Мындай адабий мурас – жаштардын ой чабытын кеңейтип, кыялданууга, чыгармачылык менен алектенүүгө жана коомго кызмат кылууга түрткү берүүчү куттуу үн.

Билип ал сөздүн санатын,
Билим – бул сенин канатың.
Замандын толгон сынын бил,
Айтылган сөздүн чынын бил.
Акылың менен эл таанып,
Ааламдын сансыз сырын бил.

[Эл ырчылары.Ф.:Кыргызстан.1981, 139-б.] Бул ыр саптары окутуу-тарбиялоо ишиндеги жаркын идеянын борбордук элементи боло алат. Технологиялардын өсүшү менен билимге жетүүнүн жаңы жолдору ачылып, ырчынын билим жөнүндөгү акыл-насааттары мурдагыдан да терең мааниге ээ болууда. Дал бүгүнкү талаптарга шайкеш. Бала ырчынын акындык өзгөчөлүгү – мезгилдин күрөө тамырын кармап, келечегине саресеп салып баамдап, баа бере алгандыгында.

“Ликбез жөнүндөгү ырындагы”:
Адеп менен тил сакта,
Адилет менен эл сакта, – дейт. Бул саптарды азыркы моралдык кризис шартында жаштар үчүн эреже катары катары кабылдасак болот. Мындагы “элинди бил, тилиңди сыйла, салтыңды сакта” деген накыл кеп үстүбүздөгү глобализация доорунда улуттук өздүк жана маданиятты сактоо зарылдыгын даана көрсөтөт. Анын поэзиясынан кыргыз тилине болгон терең урмат, аны маданий өзгөчөлүктүн өзөгү катары карагандыгы байкалат. Улуттун дөөлөтү болгон тилибизге аяр, сый, сергек мамиле ыр саптарында уюп турат. Бала ырчы сөз кенин асыраган кыргыздын залкар ырчыларын мындайча эскерет:

Сайрачу эле **Туяк** да,
Ырдын келсе кезеги,
Ар бир сөзү ок болуп,
Адамдын эле чечени.
**Ботобай** жөнүндө:
Улар эле шаңшыган,
Уккан адам танбаган.
Ичине камап кетти да,
Калбады жазуу булардан.
Акындын эле асылы,
**Токтогу**л болуу кыйын да.
**Жеңижокту** болсо,

Ыр кезеги келгенде,
Төгүп ийчү ченебей.
**Барпыны**
Көөдөндөгү сөздөрү,
Көпчүлүккө жарашкан.

Ырларын дыкаттык менен окуп, талдай келгенде, сөз, адамдын кеби анын ким экендигин аныктаар негизги критерий экендигине басым жасагандыгын көрөбүз. Ал адамдын мүнөзү сөз аркылуу өлчөнөрүн баса белгилеп, сөздөрдүн жеке адамдарды гана эмес, коомду да калыптандырууга жөндөмдүү экендигин даана түшүнгөн.

Бала ырчыга жолугуп, ырларын өз оозунан уккан ф.и.д., профессор Б.Алымов: “ар бир ыры камчынын өрүмүндөй жымылдап, эргип айтылып, эркин уйкашып, ...нөшөрлөтүп төгүп берчү”, – деп эскерет.[С.Алайчиев (Бала ырчы), Б.:2003, 24-б. ]

Бала ырчынын ыр мурасы жаш муундун руханий жана моралдык тарбиясында, социалдык жоопкерчиликти сезүүдө терең мааниге ээ.

Акын, агартуучу Качканак Салибаев менен баарлашуусунда Сыдык Алайчы уулу:
Ал кезде жапжаш бала элем,
Акындар менен баскамын.
Көөнүмө жакпай негедир,
Ырчылыкты таштадым.
Мугалим болуп балдарга,
Сабак бере баштадым, – дейт.[Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Б.:2003, 21-б. ]

Кыргыз импровизациялык поэзиясынын улуулары, айтыштын алптары менен үзөңгүлөш жүрүп, айрым жерлерде алардан кем эмес баркка ээ болуп, курч поэтикалык саптары менен таанылып калган таланттуу адам өмүрүнүн экинчи жарымында аздектеген өнөрүнө көп кайрылбай, агартуучулукту аркалап кетет. Себебин акындын өмүр таржымалынан издеп көрөбүз.

Кезинде Бала ырчы жашы боюнча дагы, атагы боюнча дагы таанымал акындар менен айтышып, кээде айтыштын курч, копол мүнөзүнө ылайык кычы сөздөн ашыкча кетип калган учурлары да болот. Ошондой бир айтышта Токтогул менен Ботобай ырчылардын алдында Барпы акын менен
“Тамаша кылып ырдашып,
Кычы сөзгө барганбыз”, – дейт.
Андайда:
Акындар антип айтпайт деп,
Сөздөрү менен тебелеп.
Кунандар азоо турбайбы,
Кужулдашып кетти деп.
Куудул Током күлдүрдү,
Чаңыды биздин желе, – деп кыраакы устаттары аста-секин аярлай, алдын тосуп тыйып, сөзүн түзөй коюшкан. Мындай сыноолордо ырчы сөздөрдү терең урматтап, сөздүн күчүн жана салмагын, маанилүүлүгүн түшүнүп, айткандарын баалоо чеберчилигин өркүндөткөн. Бала ырчы атагына жеткирип, жыйырма жылдан ашуун ээрчишип жүргөн Ботобай устаты эл чогулган жерде “Бул балага тең келе албайм” деп көтөрмөлөп, сүрөп, баркын көтөрүп койгон учурлары да болгон экен.
Баарынан кичик баламын,
Өзүмдү сактап турбасам,
Булардын назарынан каламын, – деп Бала ырчы да өз ордун билип, сыноолордон такшалып, устаттарынан сабак алып, сөз кадырын, сөз кунун таразалаганды, айтыш өнөрүнүн сырларын үйрөнгөн. Бул тажрыйбасын бизге калтырган түркүн тематикадагы ыр мурастары тастыктап турат.

Эрке бала болуп, Ботобайды ээрчип, көпчүлүктүн көңүлүндөгүсүн таап, кычуусуна тийгендин көкөйүнө тийгизе, табына келтире жооп айтып ырдаганын, кандай шартта

болбосун, кимдин алдында болбосун сөздөн кайра тартпаган кашкөйлүгүн замандаштары көп эскерет.

Акындын жашоосу жөнүндө ой жүгүртүп жатып, бир учурга көңүлүм бөлүндү.Замандашы, ырчы Мырза Досматов бир ашта айтышып калышканын эскерип, “Мүнөзү кырсыраак эле, кемсинтип ырдады, араздашпайын деп, айтышпай койдум”, – дейт.[Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Б.:2003, 19-б.] Ушул сыяктуу курч тамашасы сиңбеген учурлар, 20-30-жылдардагы саясий кырдаалдын өзгөчөлүктөрү ырчыны өз өнөрүнө табиятына мүнөздүү сын көз менен карап, терең ой жүгүртүп, талдап, чечим кабыл алууга түрткү болгондой (Г.Орозова: “Анын ырларында сынчылык мотив күчтүү”). Анан акын өзүнүн ролу аткаруучулук гана эмес, билгенин келечек муундарга өткөрүп берүү экендигин түшүнүп, агартуучулукту тандаган деген ойго келүүгө болот.

Окумуштуу Г.Орозова белгилегендей, акындын гүлдөп өсүшү үчүн аны өстүргөн, сынга алган жана баалаган чөйрө талап кылынат.[Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Б.:2003, 10-б.] Бири-бирин түшүнгөн, колдоп, улап кеткен, айтканын көтөргөн, кечиришкен, барк-баасын билген Токтогул, Барпы, Ботобай сыяктуу устат-замандаштары бар чөйрөнүн орду, өксүгү билинери бышык. “Сууну сиңген жерге сеп, сөздү уккан жерге айт” дейт акылман элибизде. Ырчы сөзүн аңдап, уга турган аудиторияны ата сөзүн аздектеген балдарынан, мектебиндеги билим алууга ынтызар балдардан тапты. Туура кадамынын артында атын чыгараар кеби калды.

Атанын уулу дедиртип,
Айтылып жүрсүн уулуңар, – деген сөзү да тегин жерден айтылбаптыр. Адамзаттын негизги миссиясы артында татыктуу тукумду тарбиялап калтыруу эмеспи. Эл жазуучусу Султан Раев Бала ырчынын өз мезгилинин чыгаан ырчысы болгондугун белгилөө менен “Батыралы Сыдыковдун агасы Акбарали Сыдыков Москвадан билим алган, “Манасты” алгачкылардан болуп изилдеген, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын талдаган окумуштуу болгон, – дейт [https://barometr.kg.25.10.2019].

Билимдүү көздөйт ыраакты,
Билимсиз кайдан кыраакы, – деген саптарына макул болуп, бул маселе боюнча да Бала ырчыга суктанууга болот. Натыйжада, “Билимдүү болсоң, жетиксиң”, “Билимдүү ою – чоң нуска” болуп далилденип отурат. “Кара Суунун Дүйшөнү” аталган ырчы 1927-1953-жылдары мугалим болуп үзүрлүү иштеп, “Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим” наамын алган. А.Муратов да Сыдык Алайчы уулунун педагог катары өз мезгилинин элге-журтка таасирдүү инсаны болгондугун белгилеген. [Ош МУнун жарчысы, 2012-жыл, №4/1, 208-б.]

Билим ардагери, кенже уулу Али Сыдыковдун айтымында, ата жолун жолдогон 8 “Эл агартуунун отличниги” чыккан бүлөнүн ичинен учурда да ошол мектепте иштеп жаткандары бар.

Сыдык Алайчынын поэтикалык мурасында чагылдырылган ойлор актуалдуу бойдон калууда, анткени ал келечекке көз салып, ошол эле учурда өз заманынын кандай болоорун түшүнүүгө жөндөмдүү болгон. Ал ырларында мезгилди сынга алып, ой жүгүртүүгө жана өзгөрүүлөргө үндөгөн. Кыргыз Чектик ардагер мугалим Мамасалы Бакалбаев Бала ырчыдан 7-класска чейин билим алганын, агайынын үлгүсүндө мугалимдикке окуп жүргөндө, жолугуп калып, абдан кубанганын эскерип айтат. [ЭлТР, Маданият. Өчпөс ысымдар. 2022.14.02.]

Акын катары коомчулуктун көзүнөн алыстап кеткенден кийин да Бала ырчынын коомго кошкон салымы эч солгундаган эмес. Анын ырлары, андагы маани-маңыз окуган адамды шыктандырып, турмуш жолубузда туура багыт берип турат. Жаштарды окутуу-тарбиялоодо билимге умтулуу, эмгекке умтулуу, улуттук баалуулуктарды сактоо, социалдык жоопкерчиликти сезүү темалары көөнөргүс.

Мен сөзүмдө “Билим” деген ырынын саптарынан пайдаландым. Бүгүн да билим – мамлекетибиздин приоритеттүү багыты. Улут келечеги билимдүү жаштардын колунда. Билим сапаты үчүн опол тоодой иш-аракеттер жүрүүдө.

Кылым өтсө да, кадыры бөксөрбөй, калк эсинде турган Бала ырчынын ырлары бүгүнкүнүн ыргагы экендиги анык. Акындын насааттары учурдун коомдук жана руханий турмушунун көптөгөн аспектилерин камтыйт.

Адамдын жанын жыргаткан,
Акындын албан ырын бил.

Алар – бүгүнкү замандын жаштары үчүн чоң руханий азык. Бала ырчы кайсы темада ыр жаратпасын нак турмуштун өзүнөн алып, аны ой өнөрканасында ийлеп, иштеп анан окурман журтуна тартуулаган жасалмасыз саптар экени көрүнүп турат. Өнөр, билим, ар кайсы социалдык маселелер тууралуу ырлары бүгүнкү кыргыз коомчулугун, жаштарды тарбиялоодо негизги жол көрсөткүч багыт боло алат.

**Адабияттар:**

1. Кыргыз адабиятыны тарыхы, Кыргыз эл ырчылары, Бишкек:2012, 5-том, 542-555-бб.
2.Эл ырчылары, Фрунзе:Кыргызстан, 1981, 130-174-бб.
3.Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Фрунзе, 1981
4.Орозова Г.Сыдык Алайчиев.Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы.7 томдук.5-т.Б.:Шам, 2002.-343-344-б.).
5.Сыдык Алайчиев (Бала ырчы), Бишкек: 2003
6.А.Муратов, Сыдык Алайчы уулунун заман жана адам тууралуу көз караштары: педагогикалык аспект, ОшМУнун жарчысы, 2012, №4/1 204-208-бб.
7.https://barometr.kg.bishkek-batyrali-sydykov-80-krgzm-tt.25.10.2019]

---

УДК82131 https://doi.org/10.56122/..v1i2.177

# С. АЛАЙЧЫНЫН АКЫНДЫК ӨНӨРҮ
# ПОЭТИЧЕСКОГО ИСКУССТВА С.АЛАЙЧИ
# S. ALAICHY`S POETIC ART

Көлбаева Гулбара Исабаевна - ОшМПУ Улук окутуучу

**Аннотация**

Бул макалада С.Алайчиевдин эл-жер, мекен, турмуш, махабат, тоолор өңдүү бүтпөс, түгөнбөс санат-насыят, терме, казалдарынан, айтыштарынан, ашыктык, ар түрдүү тематикалык ырларынан чыныгы адамдык сапатты, жөнөкөйлүүлүктү даана байкай алабыз.

Кыргыз адабиятында өзгөчөлөнгөн акын, акындык өнөрү аркылуу улуттук рухту, маданиятты жана адамдык сезимдерди чагылдырган. Анын чыгармачылыгы кыргыз поэзиясындагы социалдык темаларды жана адамзаттык моралдык-этикалык маселелерди терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Чыныгы ойчул акын сөз багат. Сөздүн ордун, ойдун чындыгын таап, айтыш учурунда узун жамактан, төгүлүп айтылган ыр түрмөгүнөн бир илинчек таап, ошол аркылуу ак-кара, жакшы-жаман ылганып, атаандашын каптап, сөзгө жыгуу ырчылыктын салты. Бала ырчынын акындык өнөрүнө токтолдук.

**Түйүндүү сөздөр:** акын, казал, поэзия, тектеш, социалдык, проблема, пафос, классик, санат-насыят, төкмө, дидар, шаан-шөкөт.

**Аннотация**

В данной статье рассматривается творчество С.Алайчиева, в котором через его проповеди, айтыш, (виды национального стихототворного творчества, “айтыш,” является импровизацией) а также стихи о любви, родине, природе и повседневной жизни, можно увидеть истинные человеческие качества и простоту. Будучи выдающимся поэтом кыргызской литературы, Алайчиев через свою поэзию выражает национальный дух, культуру и человеческие чувства. Его творчество позволяет глубже исследовать социальные темы и